# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК

## КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА ИМ. И. АРАБАЕВА

ISBN 1654-5611

# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

## ЖАРЧЫСЫ

**ЧЫГАРЫЛЫШЫ: 1 (2017)**

**Серия: педагогика жана психология**

**2 БӨЛҮК**


## Педагогика илимдеринин доктору, профессор АБДЫКЕРИМ МУРАТОВДУН 60 жылдык мааракесине карата «Ааламдашуу доорундагы адабият менен педагогиканын орду» эл аралык илимий-тажрыйбалык конференциясы

**(12-май, 2017-жыл)**


Жарыяланган макалалардын бардыгы редакциянын көз карашын билдирбейт. Чыккан материалдар Жогорку Улуттук Аттестация комиссиясы тарабынан илимий макала катары кабыл алынат.



Журнал Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинен каттоодон өткөн.

Журнал Кыргыз Республикасында жана КМШ өлколөрүндө таркатылат.

ISBN 1654–5611



Дареги: Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51

Тел.: 66–39–90



«Maxprint» басмаканасында басылды.



**Башкы редакциялык коллегия:**

1. **Абдырахманов Т.А.** – т.и.д., профессор, башкы редактор
2. **Каниметов Э.Ж.** – ф.и.к., доцент
3. **Конурбаев Т.А.** – психол.и.к., доцент

**Редакциялык коллегиянын мүчөлөрү:**

1. Калдыбаева А.Т. – п.и.д., профессор
2. Муратов А.Ж. – п.и.д., профессор
3. Мусаев С.Ж.– ф.и.д., КР УИА мүчө-корр.
4. Алиев Ш.А.. – п.и.д., профессор
5. Акиева Г.С. – п.и.д., профессор
6. Чоров М.Ж. – п.и.д., профессор
7. Панкова Т.В. – п.и.д., профессор

**Педагогика сериясынын редакциялык коллегиясы:**

1. Эсенгулова М.М. – п.и.к., доцент
2. Койлубаева Н.К. – п.и.к.,доценттин м.а.
3. Иманкулова С.Э. – п.и.к., доценттин м.а.
4. БектуровТ.М. – п.и.к., ага окутуучу

**ВЕСТНИК**
**КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО**
***УНИВЕРСИТЕТА имени И.АРАБАЕВА***

**ВЫПУСК 1 (2017)**

**Серия: педагогика и психология**

**ЧАСТЬ 2**

# Международная научно-практическая конференция «Место литературы и педагогики в эпоху глобализации», посвященная 60-летнему юбилею доктора педагогических наук, профессора АБДЫКЕРИМ МУРАТОВА

**(12 мая, 2017 года)**

Точка зрения опубликованных в Вестнике статей может не совпадать с позицией редколлегии. Материалы, публикуемые в журнале, признаются ВАК Кыргызской Республики в качестве научной статьи.

Журнал зарегистрирован Министерством юстиции КР.

Журнал распространяется в Кыргызской Республике и в странах СНГ.

ISBN 1654-5611

Адрес: г. Бишкек,
ул. Раззакова, 51
Тел.: 66-39-90

Отпечатано в типографии
«Maxprint»

**Главная редакционная коллегия:**

1. **Абдырахманов Т.А.** – д.и.н., профессор, главный редактор
2. **Каниметов Э.Ж.** – к.ф.н., доцент
3. **Конурбаев Т.А.** – к. психол., доцент

**Члены редакционной коллегии:**

1. Калдыбаева А.Т. – д.п.н., профессор
2. МуратоваА.Ж. – д.п.н., профессор
3. Мусаев С.Ж.– д.ф.н., член- корр, НАН КР
4. Алиев Ш.А.. – д.п.н., профессор
5. Акиева Г.С. – д.п.н., профессор
6. Чоров М.Ж. – д.п.н., профессор
7. Панкова Т.В. – д.п.н., профессор

**Редакционная коллегия серии: педагогика**

1. Эсенгулова М.М. – к.п.н., доцент
2. Койлубаева Н.К. – к.п.н., и.о., доц.
3. Иманкулова С.Э. – к.п.н., и.о., доц.
4. БектуровТ.М. – к.п.н., ст. преп.

жашоого, сабырдуулукка, адептүүлүккө, улууларды урматтап, кичүүлөрдү ызаттоого, эмгекчилдикке тарбиялайт.

Ар бир келечектеги тарбиячылар тарбиялоо процессинде болобу, окутуу процессинде болобу, бүгүнкү күндүн сабагына коюлган талаптардын эң негизгиси сабакта элдик педагогиканын элементтерин колдонуубуз зарыл.


**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдылдаев Ж., Балчелек, балдар ырлары. – Б., Гүлчынар, 2008.
2. Муратов А., Исаков К. Кыргыз балдар адабияты. – Б., 2012.
3. Рысбаев С., Миңбаева К. Балдар сүйгөн Балчелек. Тил жана маданият, –2014, 12-июнь.



УДК 370:947.1(575.2)



***Муратов А.Ж.,***
*п.и.д., профессор,*
*И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети*

***Зулуев Б.,***
*п.и.к.,доцент,*
*Ош гуманитардык-педагогикалык институту*


## ОШ ШААРЫНДАГЫ АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН МЕДРЕСЕСИНИН БИЛИМ БЕРҮҮ РОЛУ


*Түйүндүү сөздөр: медресе, мектеб, мударис, мутабали, ислам,араб, диний билим.*



***Аннотация.*** *Макалада1850-1920-жылдарда Ош шаарында ислам дининен билим берип турган Алымбек датканын медресесинин курулушу, мударисттери, талабалары, вакыб системасы, бул медресенин жалпы эле тарыхый орду тууралуу анализ жүргүзүлөт.*



***Муратов А.Ж.,***
*д.п.н, профессор,*
*Кыргызский государственный университет им.И.Арабаева*
***Зулуев З.,***
*к.п.н., доцент Ошский гуманитарно-педагогический институт*


## РОЛЬ МЕДРЕСЕ АЛЫМБЕКА-ДАТКИ В ГОРОДЕ ОШ В ОБРАЗОВАНИИ


*Ключевые слова: медресе,школа,учитель-мударис,мутабали,ислам,араб,религиозноеобразование.*



***Аннотация:*** *В статье рассматривается анализ о строительстве медресе Алымбека-датки, в котором 1850-1920гг. обучали грамоте исламской религии, об исламских учителях, учениках, системе вакыб и общей исторической роли медресе.*



***Abdykerim Muratov,***
*Ph.D., professor,*
*Kyrgyz State University named after I. Arabaev*

***Bekmurza Zuluev,***
*Ph.D., Associate Professor,*
*Osh Humanitarian-Pedagogical Institute*


## MADRASSAH OF ALYMBEK-DATKA IN THE CITY OF OSH


***Keywords:*** *madrasah,school,mudar is teacher, mutabali, Islam, Arab, religio use ducatio*



***Abstract:*** *The article deals with the analys is of the construction of the Alikhbek - datka madrasah in which the reading and writing of the Islamic religion, was taught in 1850-1920 Islamic teachers, pupils, the system of vacc in esand the generalh is toricalrole of madrassa are an alyzed in if.*


Бир катар эмгектерге, алардын ичинде жазуучу-публицист Ш.Абдырамановдун [1], тарыхчылар Е.А.Захарованын [2], Т.Кененсариевдин [3], С.Кыдыралиевдин [4], К.Молдокасымовдун [5], В.М.Плоскихтин [7], эне тилин окутуунун тарыхын изилдеген педагог А.Осмонкуловдун [8], философ

Жебаевдин [9] изилдөөлөрүнө таянып, Алымбек парваначы-датканын медресесин тарыхый жана тарыхый-саясый жактан карап көрсөк.

1. Медресенин курулушу, имараттын шаар архитектурасындагы орду жана окуу процессине ылайыктуулугу. Медресенин алгач ачылышында негизги ээси Алымбек датка болгон. Алымбек Асанбий уулу (1799-1862)–Алай элинин адигине уруусунун баргы уругунан чыккан көрүнүктүү мамлекеттик ишмер болгон. Анын ишмердүүлүгүнүн натыйжасында Ош шаарынын архитектуралык структуралык, иригациялык облиги өзгөрүп, Ак-Буура дарыясына эки өйүздү туташтырган 9 көпүрө салынып, соода жайлары узарып жана жакшырып, кербен сарайлар кеңейтилип, мечит, медреселер курулган. XIX кылымдын 50-жылдардын аягы 60-жылдардын башында анын ишмердигин анжияндык, ферганалык гана эмес, аркалык, кашкарлык кыргыздар да жогору баалап, балдарын окутуу үчүн Ош шаарындагы анын медресесине жиберип турган.

Алымбек жаш чагынан Алайдын беги, Анжияндын акими, Кокон хандыгынын вазири болуп, парваначы, датка деген өзгөчө даражага ээ болуп, падышалык Орусия басып кележатканда 12000 кол башчылыкка жетишкен, Фергана өрөөнүнүн эң башкы лидери катары агартуу тармагына чоң маани берет. Аны XIX кылымдын 2-жарымынан талантуу агартуучусу, билим берүү ишинин чоң уюштуруучусу, азыркы тил менен айтканда, меценаты жана менеджери катары тарыхый ордун белгилөө керек.


Дүйнөлүк билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхын карап көргөндө окуу жайларынын кандай түрү, формасы болбосун, жайгашкан жери айыл-кыштактабы, шаардабы, эң кооз, оригиналдуу, архитектуралык жактан окуучуларын жана окутуучуларын өзүнө тарткан имараттар болуп келген. Окутуучулар жана билим алуучулар, тарбиячылар жана билим берүүчүлөр ошол жерге окууганга жана окутканга сыймыктануу сезими менен, көтөрүңкү духу менен барышы керек.


Алымбектин медресеси дал ошондой болгон. Жалпы эл да, талабаларда Ак-Медреседе шипөңүлүк да, келечек ниет-тилеген да «Актык» менен байланыштырышкан.

Алымбектин медресесинин курулушунун башталышы 1844-жыл болушу мүмкүндүгү болжолдонот. Анын мемарлары катары Самарканддан Камалибн-ал Кадырулла, Кашкардан Ахматбекибн-ал Курбани чакыртат, алардын келиш-кетиш чыгымын, үй-бүлөсүнүн каржы муктаждыгын бүт Алымбек датка өзү көтөрөт, алар менен кошо ондогон шакирттери келет, аларга да уста акыларын жакшы төлөп турат. Ислам дининде шарият боюнча устанын акысын жебей, анын айтканын берүү эрежеси бар.

Заңгыраган ири имарат көргөндөрдүн көз жосун алып, алты жылдык курулуш иштеринен соң, 1850-жылы бүткөрүлгөн.

Медресе Ак-Буура суусунун оң жээгинде, чыгыш тарабында, азыркы Борбордук базарга Кара-Суу жактан келип кошулган жолтог ошкон жерде жайгашкандыктан, калаага келгендер дароо эле оро-пара келип, аны табуу ыңгайлуу болгон. Имарат чыгыш мемарчылык стилинде салынган, ошол кездеги Орто Азиядагы Кокон хандыгынын жана дүйнөлүк мусулман динин таратуунун эң ири борбору болуп, 700-800 жылдык традициясы бар Бухара шаарындагы атактуу медреселер менен тең тайлашкан. Оймо-чийме түшүргөн кооз жыгач түркүктөрү, бышкан кыш дубалдары Улуу Ата мекендик согуштан кийин жергиликтүү атеисттер бузуп таштаганга чейин сакталып турган. Медресе кооз жана ыңгайлуу болуп, сырты архитектуралык композиция түзүп, жалпы алганда архитектуралык жактан Ак-Буура дайрасы жана Сулайман-Тагы менен бир ансамбилге тогошкон. Төрт купасы, алдындагы эки бурчунда эки мунарасы болуп, алардын ар биринин бийиктиги он беш метр келип, ага чыгып, азан айтканда Ошко гана эмес, бери жактагы Кашкар-Кыштак, Кыргыз-Чек, ары жагы Гүлбаар, Жапалак, Учар, Төлөйкөн кыштактарына чейин угулган. Имарат эки кабат болуп, шыптары бийик курулган, экинчи катарга айланма тепкичтер менен чыгышкан. Окуу процесси жүргүзүлүүчү дарсканалары, намазканасы, кең жана кооз түркүктүү айвандары, чарпаялары, мударис каналары жана 28 чакан бөлмөдөн (келийе) турган жатак жайлары–болгон болгон. Жатак жайында бир эле мезгилде 3 мударис, 80-100 талаба жаткан. Медресенин алдынан Ак-Буура аркылуу базар тарапка өтүү үчүн асма көпүрө салынган. Ал эми алдындагы кооз хауздо дайрасынан муздак, таза суу улам кирип, жаңыртылып турган. Жалпы эле ири медреселер сыяктуу эң чоң мечити да бар эле, ага талабалар гана эмес, каалоочулардын баары кирген, жума жана айт намаздарында миңдеген намазкөйлөр саждага жыгылган.





Ак – Медресе (эски сүрөттөр, кийинкисин 1927-жылы Ю.Н.Малюшинцкий тарткан)

Мударис-мутавалийлеркурамыжанаадистермененкамсыздандырылышы

Бул медресинин окуу мөөнөтү үч жыл болгон. Мударистери Мекке, Кашкар, Букара, Самарканд, Кокон сыяктуу шаарлардын окуу жайларынан тандалып келинген. Башкаруу курамы үч адамдан турган: биринчиси, окуу-тарбия ишине көзөмөлдүк кылган; экинчиси, отун-суу, имараттардын тазалыгы үчүн жооптуу болгон; үчүнчүсү, медресеге караган вакифтик жерлерди, дүкөндөрдү, устаканаларды, малканаларды, кол өнөрчүлүк, кийим тигүүчүлүк цехтерди башкарып, медреседе иштеген жана окуган адамдарды оокат-аш, кийим-кечек, дарстыктар менен камсыз кылган.

Айрым булактар боюнча (Ш.Абдыраманов) «башкы мудариси кылып, өз окумуштуулугу менен Чыгыш өлкөлөрүндө белгилүү болгон аалым Хаджи-Мухаммадди чакырган» [1,33-б.]. Анын ысымын В.М.Плоских Хаджимамат-алам деп берет. Демек, башкы мудариси Мекке, Мединеге барып, ажылык парзын аткарып келген (абалким ошол жакта билим да алгандыр, иштегендир ж.б.) инсан болгон. Мударистерининин бири Молло Нийаз Эрназар уулу (Молдо Нияз) болгондугу тууралуу да айтылган булактар кездешет (А.Осмонкулов; В.М.Плоских). Эгер атактуу жазма акындын 1923-жылы Кадамжайда туулганын, чагатай, араб, фарсийтилдеринде окуй, сүйлөй жана жаза билгендигин, Кашкар медресесинен билим алгандыгын, өзү да айылында медресе ачып, бала окуткандыгын эске алсак, анын Алымбектин Ак-медресесинде талабаларга билим бергендигине ынанууга болот. Дагы бир фактор–анын Курманжан датка тууралуу ырларынын түрмөгүн жазышы, анда атактуу датканы жакындан биле тургандыгы айтылып жатканы далил боло алат. Молло Нийаз диний билим гана бербестен, жазган адабий чыгармаларын кол китептер аркылуу элге таратчу да экен, демек, талабаларада бий билим да алышкан деп эсептөөгө болот.

Бул медресе менен байланышы болушу мүмкүн деген дагы бир акыныбыз Арстанбек Буйлаш уулу. Ал 1824-жылы туулуп, 1878-жылы каза болуп, 54 гана жыл жашагандыгы белгилүү. Акын он алтыга келип калганда кайсыл бир күнөөлөрү үчүн атасы Буйлаш баш болгон тыным сейиттин жакшылары Кокон хандыгынан Анжияндагы ордосуна сурак берүү үчүн ал жердин беги Алымбек датканын алдына алдырылат. Алымбек даткага кире албай, кыйла жүрүп, акыры жолугат. Ошондон кийин ал Анжиян башкаруучусунун комузчулары менен да, ырчылары менен да сынакка катышып, негизинен аларды жеңип чыгып, Алымбектин эрчитме ырчысына айланат. Алай менен Ошто, Маргалан менен Кокондо, Анжиян менен Парганада, Аксы менен Таласта ж.б. далай жерлерде Алымбек датка, Маарaзык, Кулназар деген ордо бектери менен болуп, биринчиден, эл турмушун, Кокон хандыгынан адилетсиз мыйзамдарын көрүп көзү бышат; экинчиден, акындык дараметин, тажрыйбасын өстүрөт; үчүнчүдөн, тилге аябай бай анжиандык, аксылык, алайлык кыргыздардын, кара-дарыялык жана баткендик ичкиликтердин сөз корун өзүнө сиңирет. Акыры көркөм сөздү кастарлай билген Алымбек датканын ишенимине кирип, атасы баш болгон тыным сейиттин тынчыкмаларын азат кылып бошотуп жиберет да, өзү да жыл айланып чоң олжолор менен жерине кайтып барат [6,251-252-бб.]. Мына ушул «Ош сапары» аны Алымбек датка менен байланыштырып гана калбай, Ак-медресеге да жакындатканбы деген ой жаратат. Ал жердин таалимин алган болушу мүмкүн. Анткени акындын «Терме» жана« Санат» деген ырларын да диний философиянын, исламий окуулардын аябай курч таасиринин көрүнүп турушу, Жеңи жок менен учурашуу ырында Эсен аман, Наркүл, Нур молдо сыяктуу акындардын ырчылык жана адамдык нарк-насилине баа берип кетиши далилдеп турат.

Медресенин жетекчилери (мутавалийлери) катары алгачкы учурда, албетте, Алымбек парваначы, датка өзү болгон (1850-1862-жылдар). Ал кутумчулук менен өлтүрүлгөн соң медресе мутавалилиги бакма баласы Жаркынбайга өтөт. Жаркынбай 1865-жылы орустар басып киргенде Ташкендин алдынан тосуп чыккан согушта каза болот. 1865-жылдан тартып он жыл бою Алымбектин чоң улуу Абдылдабек бул жерлерге ээлик кылат. Андан кийин орустар козголуп келгенде ал да Ооган жакка ооп кетип, ал жактан каза болуп, 1894-жылы Камчыбек даргаасылгандан соң Ак Ордого жана Ак-Медресеге ээлик кылуу Курманжан даткага берилет.

Медреседе 1880-жылы жетимиш беш бала окугандыгы тууралуу маалымат кездешет. Ошол кезде ал жердин башчысы Алымбектин уулдарынын бири Баатырбек болгон.

Француз саякатчысы Пьер Габриель Бонвало (1853-1933) Памирди кыдырып, изилдеп китеп жазган (BonvalotG. DuCaucaseaux Indes: Atravers Pamir/G. Bonvalot. Paris, 1889. 13. KapusG. Lamusiquechez). Ошол келишинде ал 1887-жылы Алымбек жана Курманжан даткалардын уулдары Баатырбек, Мамытбек, Камчыбек менен кездешкендигин, атүгүл алар жол баштап жүргөндүгүн, Баатырбек сабаттуу, тез окуп, тез жаза билерин» эскерет. Мына ушуга караганда Алымбек датканын уулдары (айрым маалыматтар боюнча аялы Курманжанда) ушул медреседе билим алган, ал жерде динди гана окутпастан, алгебра, табият таануу, тарых, астрономия, философия сабактарында окутуп, универсалдуу билим берген. Дал ошондой билимге ээ болгон датканын балдары адегенде мударис болуп, андан соң мутавалий катары бүт окуу жайына башчылык кылган. 1907-жылы И.П.Ювачев Ошко келгенде медресе башчысы Асанбек экендигин жазып калтырган.

3.Медресенин талабалары. Медреседе билим алгандардын көпчүлүгү кыргыз, кыпчак, өзбек, тажик, уйгур болгондуктан Алымбек датка кыргыз балдардын окуп калышына өзгөчө камкордук көргөн

...т. Алар үч тайпага (тестиерлер, өспүрүмдөр, уландар) бөлүнүп, өз-өзүнчө окушкан. Кайсыл бир ...де кыз балдар үчүн өзүнчө тайпада иштеп тургандыгы айтылат.


**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Абдыраманов Ш. Тарыхтагы ак тактар: тарыхый изилдөө. –Б.: 2007. – 256 б.
2. Захарова А.Е. Французская экспедиция 1877 года в Оше//Изучение древнего исредневекового Кыргызстана: Сб.ст. Нац. АНКырг. респ. Бишкек, 1998.– С. 62-64; Захарова А.Е. Медресе старинного Оша//Ленинский путь.– 1998-18 июня; Захарова А.Е. Памятник архитектуры мечеть Тахти-Сулейман//Материалы I регион, науч. практ. конф. попробл. социал.-экон. И культур, развития, посвящ. 3000-летию г. Ош. – Ош, 1996. – С. 79-86; Захарова А.Е. В дохнуть аромат эпохи ушедшей//Ленинскийпуть. – 1998. – 5 сентябрь.
3. Кененсариев Т. Алымбек датканын татыктуу тарыхый ордун табуу жөнүндө//Эл. булак: http://kghistory. akipress. org/unews/un_post: 7916.
4. Кыдыралиев С.Алымбек датка жана кыргыз улутунун азыркы абалы//ЖАМУнун жарчысы.–2011.–№1,2.– 3 - 5- бб.
5. Молдокасымов К. Алымбек датка–Кокондун баш вазири//Кыргыз руху.– 2010, 17-март
6. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп.–Б.: Турар, 2011. – 604 - б.
7. Плоских В.М. Вакф медресе Алымбека//Страницы истории и материальной культуры Киргизстана (до советский период). – Фрунзе: Илим, 1975.; Плоских В., Галицкий В.С таринный Ош. –Фрунзе, 1979.
8. Осмонкулов А. Жалпы билим берүүчү мектептерде кыргыз тилин окутуунун тарыхы. –Б.: 2006. – 426 б.
9. Эркебаев М. Алымбек датка//Кыргыздар. – Бишкек: Кыргызстан, 1991. – 118-122 - бб.



**УДК 332:398: 22894.341**



*Мурзалиева З. К.,*

*п.и.к., Кыргыз билим берүү академиясынын башкы адиси*


## БИЛИМ, ТААЛИМ-ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨГҮ «МАНАС» ЭПОСУНУН МААНИСИ


***Түйүндүү сөздөр:*** *«Манас» эпосу, билим берүү, таалим-тарбия, келечек муун, программалар, ...кеттик иш кагаздары, ЮНЕСКО , проблемалар, «Манастаануу».*



***Аннотация:*** *Макалада «Манас» эпосу боюнча келечек муунга билим берүү,таалим-тарбия ...есине багытталгандыктан, эпостун ага байланышкан урунттуу учурларына токтолдук. Эпос ...ыз элинин жашоосун, турмушун, көркөмдөп сүрөттөгөн өзгөчө эпос. Аны тастыктоо үчүн ...ас» эпосу боюнча түзүлгөн атайы улуттук программа иштеп жатканы тууралуу. «Манастаануу» ...метинин билим берүү системасындагы олуттуу орду аныкталган.Мектеп, орто окуу ...дарында,ЖОЖдордогу «Манас» эпосу боюнча түзүлүп, жаткан мамлекеттик предметтик ...граммалар, иш пландары, усулдук көрсөтмөлөр, кээ бир өтүлгөн сабактын үлгүлөрү ...салат.Ошондой эле «Манас» эпосунун илимий изилдөөдөгү жаңылыктарына, олуттуу ...өрүнө да кайрылдык. Ушундан улам,«Манас» эпосунун дүйнөлүк деңгээлдеги орду, ЮНЕСКОго ... камтылды жана эпостогу билим, таалим-тарбия берүү маселелеринин чагылдырылышы ...алуу сабактын болжолдуу үлгүсү берилди.*



*Мурзалиева З. К.,*

*к.п.н., главный специалист Кыргызской академии образования*


## ЗНАЧЕНИЕ ЭПОСА «МАНАС» В ОБРАЗОВАНИИ, ВОСПИТАНИИ


***Ключевые слова:*** *эпос «Манас», образование, воспитание, будущее поколение, программы, ...дарственные бумаги, ЮНЕСКО, проблемы, Манасоведение.*



***Аннотация:*** *Данная статья посвящена вопросу об образовании и воспитании будущего поколения ...снове эпоса «Манас» направленной на возрождении духовных ценностей кыргызов, обращения на ...ональные корни и мудрости предков. Эпос является особой эпопеей красочно описывающая жизнь и ... кыргызского народа. В подтверждение этому разработана специальная национальная программа. К ...у же предмет «Манасоведение» в образовательной системе занимает важное место. В школах,*